Саспаев А.
К.Тыныстанов ат. ЫМУнун ардактуу профессору

«ЖАКШЫ СӨЗ – ЖАН АЗЫГЫ!»

Филология илимдеринин доктору, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, КРнын Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү, акын Үсөнбек Асаналиев быйыл өмүр жолун сексенден ашык жыл басып өттү. Анын «Жакшы сөз – жан азыгы», «Сөз-сөөлөт», «Сап-санат», «Сөз – сөнбөс жарык» аттуу акыл-накыл сөздөрүнөн турган китептери, анан дагы, сезим козгогон лирикалык ырлар топтому «Арзуу», рубаилери «Сап-санат» деген ат менен жарык көрдү. Бул китептер азыр китеп дүкөндөрүнөн табылбай калды. Мындай чыгармачылыгынын тышында кудай андан комуз күүлөрүн, таамай чертүү өнөрүн да аяган эмес экен. Атактуу комузчу Шекербек Шеркулов жана башка комузчулардан үйрөнгөн кыргыздын байыркы салттуу күүлөрүн черткенде, угуп отурсаңыз моокумуңузду тамшанта кандыраарына күбө болосуз. Үсөнбектин рухий дүйнөсүн аңтара караган адам жашоонун көп сырларына шериктеш болбой койбойт.

Айтылуу акылы тунук деген элибиздин мындан миң жылдар мурда эле колдонуп келген: «Кузгундуку куу жыгачтын башында, бөрүнүкү тең орток», «Кулан кудукка түшсө, кур бака айгыр болот», «Күнүнүн күлү жоо», «Бөрү кулакташ, ууру танапташ» деген элдик макалдары бүгүнкү күнгө чейин ооздон оозго айтылып келе жатат. Бул накылдардын күчүнө күч кошуп, биздин улуу жердешибиз Барскондук Махмуд Кашкарий мындан дээрлик миң жыл мурда өзүнүн өлбөс-өчпөс эмгеги «Түркий тилдер сөздүгүнө» кыргыздын бул макалдарын туңгуч ирет жазып калтырган. Эл арасында кадимки «курал» катары колдонулуп, каршы жактын рухий шайын оодарган макал, лакап, таамай айтылган уйкаштуу акыл сөздөр, автору белгисиз болсо да, жалпы элдин менчигине айланып кеткен. Бирок жалпы элдики дегенибиз менен, эл чогулуп, ушундай бир макал чыгаралы деп кеңешип отурганын элестетүү кыйын. Аны бир акылман гана айтып өткөн. Макал-лакаптардын, таамай айтылган сөздөр күчү, мааниси жагынан алганда, теңдеши жок кыска, нуска чыгармалар экени белгилүү. Айталык, мамлекеттин кеңешме залында ойлонуша отуруп түзгөн Баш мыйзамдарынан, ар кыл кодекстеринен жогору турган жалпыга бирдей бир Улуу мыйзам өкүм сүрөрүн баарыбыз эле моюндайбыз. Ал улуу мыйзам өтө катаал, нары ийге келбегендиги менен Улуу! Аны эч нерсе менен эпке келтире албайбыз. Ага улут, жыныс, кары-жаш дебей бардыгы кул. Ал жер бетинде айрым топтор үчүн пайдалуу болгон саясат, идеология, жалпы эле «изм» дегендерди тааныбайт. Бийликтегилер бийликтерин бекемдеп, бийликтеги убактысын чоюу үчүн ар кыл айла-амал колдонот. Демек, алар жогоруда айтылган улуу сөздөргө этибарсыз карайт болушу керек. Бирок карапайым эле элдин акыл-эси менен курч көзү дайыма кылдаттык менен Улуу мыйзамды да, убактылуу мыйзамды да - эки жагын тең күзөтө жүрөт.

Жөнөкөй эле айлана-чөйрөсүнө, өмүр тажрыйбаларына бир акылдуу адам күзөтүү үстүндө туруп, жогоруда айтылган Улуу мыйзамдын калетсиздиги жөнүндө бар болгону бир-эки сүйлөмдөн турган тилге жеңил, поэтикалык ыкма менен өзүнүн корутунду оюн кезеги келип калганда таамай айтып салмайы бар. Ушул эле айтып койгон сөз турмушка бап келип, өмүрү узара берсе, элдин урунттуу жерде колдоноор «куралына» айланаары бышык эмеспи. «Баланча

мындай деген экен…» деген сөздөр көбүнчө белгилүү инсандарга байланыштуу азыр да эске алынат. Бирок ал сөздүн автору кээде эске алынса, кээде эске алынбай, унутулуп кетиши да мүмкүн. Анан, анын автору Эл болуп калат. Булак көзүнөн тамган мөлтүр суу чоң дайрага айлангандай, жете айтылган мындай сөздөр убакыттын өтүшү менен элдики болуп кала бермек. Кыргыз жазуусу (Енисей-Кыргыз рун жазуулары) мындан бир жарым миң жыл мурда пайда болгон болсо да, жалпы элдик боло алган эмес. Эгер ошол учурда элибиз азыркыдай толук сабаттуу болгон болсо, кыргыздын рухий дүйнөсүнүн асыл казыналары жалпы инсан балдары алдында өнүккөн элдер менен терезеси тең турмак. Кудайга шүгүр дейлик, бүгүнкү күндө биз басып турган тарыхый тилке жазуу-чийүүбүздүн жалпы элдүүлүгү менен байыркы кыргыз маданиятынан түп тамырынан айырмаланып калды. Үсөкем өзү айткандай: «Эскинин жугу, жаңынын нугу менен ой толгоп, акыл калчап…» өзү чыгарган турмуштук корутундуларын кагаз бетине түшүрүп, калың окурманга тартуу кылган сөздөрү өз алаканыбызда. Узак жылдардан бери Үсөкем – ушул багытта иш алып бара жаткан окумуштууларыбыздын бири. Студенттерге түркий тилдери жөнүндө сабак өтүүдө окумуштууну тектеш тилдердеги таамай айтылган макал-лакаптар да кызыктырган. Мына ошол кызыгуу 1980-жылы жарык көргөн «Чыгыш элдеринин макал-лакаптары» аттуу көлөмдүү, чыгаан котормосу менен жыйынтыкталган. Ал китептер азыр сейрек кездешүүчү нуска катары табылышы кыйын. Ошондой эле ал китеп орто жана жогорку окуу жайларынын тил адабият мугалимдеринин колунан түшпөс куралына айланып калды. Чындыгында, бул китептен мурда, кийин кезиктирбеген мааниси терең, максаты алыс макал-лакаптарды окуп, котормочунун бир мыкты эмгек жаратканына ыраазы болбой койбойсуң. Ал китеп чыккандан бери отуз жылга жуук убакыт өтүп, Үсөкем учкул сөздөр боюнча салмактуу үч эмгегин элге тартуулады.

Өз баамы, турмушка болгон көз карашы, жогоруда айтылган Улуу мыйзамдын калетсиздиги жөнүндө жыйырма эки миңден ашуун макал, лакап, учкул сөздөрүн өз дилинен чыгарып жазып чыкты. Аларга, «Сөз-сөөлөт», «Жакшы сөз – жан азыгы», «Сап-санат», «Сөз – сөнбөс жарык». Бул китептерди окуй келе, негедир, дал эле өзүбүздү кайрадан бир карап чыгып жаткансыган сырдуу сезимге бөлөнөбүз. «Эки жүздүү бир жак, эки жүз киши бир жак», «Көөдөнү күрсүлдөк, жүрөгү түрсүлдөк», «Жыйганыңа карап ышкыр, ыйманыңа карап иш кыл», «Кеменгер куу болбой, туу болбойт», «Күлкүнү күндөн, көркту гүлдөн ал», «Күрөшпөй күч кайда, эгешпей эс кайда», «Жүз өткөн жолдон да түз өт», «Аракети болбогон баланын балекети бар», «Даңкка көппөгөн – даанышмандык, атакка көппөгөн - акылмандык» деген жана башка да сан түмөн ой корутундулары окурманды таң калтырат. Үсөкемдин бул туундулары чыгармачылык эргүү менен жазылгандыктан, уйкаштуу келип, нары тилге жеңил окулат. Акылга үйүр азаматтын кумарын кандырып, инсан жашоосундагы дүйүм түркүм сырлардан кабар берип эскертет. Мындай китептер мектеп программаларына милдеттүү киргизилип, балдарды эртерээк ойготууну көздөсөк, өтө ылайыктуу болмок. Сөз акырында айтаарыбыз, азыркы кыргыз маданиятында ушул өңдүү сейрек эмгектердин жарыкка чыгышы менен сыймыктанып, авторго алкыш, чың ден соолук, чыгармачылык зор ийгиликтерди каалоодон башка айтаарыбыз жок!